**“БЕКИТЕМИН”**

Кыргыз Республикасынын
жаратылыш ресурстары,
экология жана техникалык
көзөмөл министрлигинин
Ош регионалдык башкармалыгынын башчысы
**Мамашов Токтогул Абдижапарович**

_____________________

«___»___________ 2024-ж.

**Илимий изилдөөлөрдү, илимий техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий - техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

# АКТЫСЫ

1. **Ишке ашыруучу автору:** Маметова Кызбурак Кожоевна
2. **Изилдөө, илимий-техникалык иштердин аталышы, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык иштин натыйжалары:** «Шаар чөйрөсүн стресстик факторлордун таасирлеринен коргоодо парктык бак-дарактардын экологиялык ролу” деген темада 03.02.08 – экология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн.
3. **Кыскача аннотация:** Бул илимий иштин негизги максаты Ош шаарынын шартында декоративдүү дарак жана бадал өсүмдүктөрүнүн түрлөрүнөн схемаларын аныктоо, айлана-чөйрөнүн ызы-чууга, чаңга, газдын булганышына туруктуулугун жогорулатуу, санитардык-гигиеналык абалын жакшыртуу үчүн аларды реконструкциялоонун экологиялык негиздемеси жана жана көрктөндүрүү жумуштарында практикалык сунуштарды иштеп чыгуу. Натыйжада биринчи жолу Ош шаарынын парктарынын аймагындагы жашыл бак-дарактардын экологиялык абалына талдоо жүргүзүлдү, декоративдик өсүмдүктөрдүн экологиялык пайдалуулугунун көрсөткүчү иштелип чыкты, изилдөө районунун аймактарында жашыл бак-дарактарды жайгаштыруунун экологиялык негизделген схемалары сунушталды. Мындан сырткары жашыл бак-дарактардын шаар чөйрөсүнө туруктуулугун арттыруу жолдору сунушталып, кам көрүү ыкмалары иштелип чыкты.
4. **Ишке ашыруу эффективдүүлүгү:** Дарак-бадал эгилмелеринин абалына экологиялык баа берүүнүн жыйынтыктары менен, Ош шаарын жашылдандыруу жана көрктөндүрүү жумуштарына сунуш кылынган иш

Сканировано с CamScanner

Изилдөөнүн жыйынтыктары туура план түзүүнү шарттоо аркылуу, шаар чөйрөсүнө туруктуу дарак өсүмдүгүн тандап, парктарды, скверлерди жана көчө боюн жашылдандыруу жана көрктөндүрүүдө финансылык чыгымдарды кыскартат.

5. **Ишке кийирүү орду жана убактысы** Кыргыз Республикасы, Ош шаары Курманжан Датка көчөсү, дом 130. Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ош регионалдык башкармалыгынын башкармалыгы.

1. **Ишке кийирүүнүн формасы:** Инвентаризация жана көп функциялуу талдоо Ош шаарындагы жашыл мейкиндиктерди биринчи жолу аныкталган, дарак-бадал флорасы аймактык мониторингдин негизин түзөт жана шаарды жашылдандырууда практикалык мааниге ээ. Аныкталган флоранын экологиялык, морфологиялык жана эстетикалык мүнөздөмөлөрүн талдоо принциптери жана методдору көптөгөн прикладдык аспектилердин илимий жана практикалык чечимдерине теориялык мамилени ачып берет. Ош шаарындагы дарак бадалдардын эгилмелерин изилдөөлөрү жана алардын эсеби боюнча алынган жыйынтыктар шаар чөйрөсүн көрктөндүрүү жумуштарында дарак өсүмдүгүнүн түрүн, аны отургузууда орунду туура тандоону, туура отургузууну, карап багууну ошондой эле анын декоративдик сапатын жакшыртууда да кызмат кылат. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын Ош шаарынын паркынын аймагында жашыл бак-дарактарды куруу жана реконструкциялоо үчүн , ошондой эле шаардын башка коомдук объектилерин жашылдандырууда пайдалануу сунушталган. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча практикалык сунуштарды берүү азыркы көчө боюндагы, парктардагы, скверлердеги эгилген дарак жана бадал өсүмдүктөрүнүн түрлөрүн реконструкциялоону демилгелейт. Иштин жыйынтыгы мамлекеттик университеттердин, Ош шаарындагы мектеп жана лицейлердин окуу процессинде колдонулат.

**Кийирүүнү ишке ашырып жаткан уюмдун өкүлү**: КР жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин
Ош регионалдык башкармалыгынын,
экологиялык мониторинг бөлүмүнүн башчысы: **К. К. Закиров**

**Ишке кийирүүгө берген:** М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин, Технология жана жаратылышты пайдалануу факультетинин экология жана айлана-чөйрөнү коргоо кафедрасынын башчысы: **Ы. К. Аматов**

Подпись заверяю Алиева

Сканировано с CamScanner